ТалМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, жактырылды
Протокол № 10
«04» июль 2024-ж.

БЕКИТЕМИН
ТалМУнун ректору техн.и.д., профессор Ж.С. Шаршембиев
_______________
«04» июль 2024-ж.

**Талас мамлекеттик университетинде окуу процессин кредиттик технологияларынын (ECTS) негизинде уюштуруу жөнүндө**
**Жобо**

## 1. Жалпы жоболор

1. Бул Жобо “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларына жана Талас мамлекеттик университетинин (ТалМУ) ички ченемдик укуктук документтерине ылайык Талас мамлекеттик университетинде окуу процессин пландаштыруунун уюштуруунун тартибин аныктайт.

2. Жобо Болон процессинин принциптеринин алкагында багыттар/адистиктер боюнча орто, жогорку жана дипломдон кийинки кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашырууда ТалМУда ECTS кредиттик билим берүү системасы боюнча окуу процессин уюштурууда бирдиктүү талаптарга ылайык келет.

3. Билим берүүнүн бардык формаларында билим берүү ишин уюштуруу төмөнкүлөрдү камсыз кылууга багытталган:

- адистерди даярдоонун заманбап илимий деңгээли, адистин моделине ылайык теориялык жана практикалык даярдоонун оптималдуу балансы;
- сабактарды окутуунун логикалык ырааттуулугу, илимий методикалык жактан негизделген өз ара байланышы жана ырааттуулугу;
- билим берүү процессине илим менен техниканын акыркы жетишкендиктерин, эл аралык билим берүү мекемелеринин билим берүү ишинин алдыңкы тажрыйбаларын киргизүү;
- студенттердин, магистранттардын, (мындан ары - студенттер) билим алуу ишмердиги жана профессордук-окутуучулук курамдын педагогикалык ишмердүүлүгү, алардын жигердүү чыгармачылык өз алдынча иштөөсү үчүн зарыл шарттарды түзүү;
- билим берүүнүн тандалган формаларында жана технологияларында окуу процессине студенттин толук кандуу катышуусун камсыздоо мүмкүнчүлүгү.

## 2. Билим берүү процессин окуу-методикалык жактан камсыз кылуу

2.1. Окуу процессин уюштуруу университеттин түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан түзүлгөн, окуу бөлүмү, окуу жана илимий иштер боюнча проректордун макулдашуусу менен жана ректор тарабынан бекитилген окуу процессинин графигинин негизинде ишке ашырылат. Окуу процессинин графигинде окуу жылындагы сабактардын (семестрлердин), аралык жана жыйынтыктоочу аттестациялардын, кесиптик практиканын жана окуу ишинин башка түрлөрүнүн мезгили, эс алуу күндөрү (каникулдар жана майрамдар) көрсөтүлөт. Кредиттик билим берүү технологиясын колдонуу менен окуу процессин уюштурууда ар бир академиялык дисциплинанын көлөмү академиялык кредиттердин бүтүн санын түзөт. Бир академиялык кредит 30 академиялык саатка барабар.

2.2.Университет студенттерди кредиттик окутуунун технологиясы боюнча окуу процессин уюштуруунун белгиленген эрежелери жөнүндө маалыматтык пакет аркылуу

маалымдайт. Окуу процессин уюштуруу эрежелери жөнүндө маалыматтарды камтыган маалыматтык пакет кабыл алуу комиссиясынын жарнамалык материалдарында чагылдырылат, ошондой эле университеттин сайтына жайгаштырылат. Тандаган багыты (адистиги) боюнча билим берүү программасынын талаптарын толук аткарган жана белгиленген тартипте мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан ийгиликтүү өткөн студентке академиялык даража (билим деңгээлине жараша бакалавр же магистр, ж.б.) ыйгарылат.

### 3. Билим берүү программалары жана окуу пландары

3.1. Университетте орто, жогорку кесиптик, жана ЖОЖдон кийинки билим берүүнүн билим берүү стандарттарына ылайык келген билим берүү программалары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин атайын чечимдери менен бекитилген программалар боюнча студенттерди даярдоо жүргүзүлөт.

3.2. Ар бир багыт (адистик) боюнча билим берүү программасынын мазмуну окуу планынын, окуу дисциплиналарынын, практикалардын жумушчу программаларынын жана силлабустарынын комплексин камтыйт.

3.3. ТалМУда ECTS кредиттик системасын ишке ашыруу үчүн окуу планынын үч формасы колдонулат:

- базалык окуу планы– багыт же адистик боюнча студентти кесипке даярдоону ишке ашырган толук окуу мезгилиндеги дисциплиналарынын каталогу (мындан ары окуу план). Окуу планы милдеттүү компонентти камтыйт (базалык жана ЖОЖдук (адистештирилген)), милдеттүү дисциплиналарды жана студенттердин тандоосу боюнча дисциплиналарды окутууга бөлүнгөн кредиттердин санын жөнгө салат, практиканын мөөнөтүн жана түрлөрүн белгилейт;
- жумушчу окуу планы белгилүү бир академиялык мезгилде окуу процессин уюштуруу үчүн кызмат кылган окуу планы (анын ичинде семестрде окутуучулардын окутуу ишмердигинин эмгек сыйымдуулугун эсептөө);
- студенттин жекече окуу планы (ЖОП) анын семестр үчүн окуу программасын аныктайт, ал семестрге сунушталган окуу дисциплиналарынын негизинде түзүлөт.

Окуу планынын үч формасы тең университеттин окуу-методикалык кеңешинин макулдугу менен түзүлөт. Окуу планына бүтүрүүчү кафедранын башчылары (эгер алар бир нече болсо, бүтүрүүчү кафедралардын башчылары), секция жетекчиси, тиешелүү түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси, Окуу бөлүмүнүн тиешелүү адиси, окуу бөлүмүн башчысы, окуу жана илимий иштери боюнча проректору кол коет, ректор тарабынан бекитилет.

3.4. Бардык циклдагы окуу дисциплиналары (сабактардын модулдары) милдеттүүлүк даражасы жана алардын логикалык өз ара байланышын эске алуу менен аныкталган өздөштүрүү ырааттуулугу боюнча төмөнкү дисциплиналардын үч тобунун бирине кирет:

«А» – милдеттүү түрдө жана убактысы боюнча так ырааттуу окутула турган дисциплиналар тобу;

«Б» – милдеттүү түрдө, бирок ырааттуу эмес окутула турган дисциплиналар тобу;

«В» – билим алуучу өз тандоосу боюнча окуй турган дисциплиналар.

«А» тобунун дисциплиналар тобу билим алуучунун жана окуу тобунун окуу жылын аныктоо үчүн негиз болуп саналат. «Б» жана «В» топторундагы дисциплиналарды окутууда билим алуучулардын окуу агымдары (окуу топтомдору) окутуунун ар башка жылдарындагы билим алуучулардан түзүлүшү мүмкүн. Академиялык дисциплиналар пререквизиттердин жыйындысы жана постреквизиттер менен мүнөздөлөт, алар дисциплиналарды окуу тартибине карата талаптарды аныктайт.

3.5. Кредиттик системаны колдонуу менен окутууда билим берүү программасы боюнча ар бир окуу жылына кабыл алынган студенттер үчүн жумушчу окуу планы түзүлөт. Ага ылайык окуу программалары боюнча студенттин өздөштүрүүсүн, жетишүүсүн баалоо үчүн модулдук баллдык-рейтингдик тамга системасы (мындан ары баллдык рейтингдик)

колдонулат. Бул жумушчу окуу планы студенттердин жекече окуу пландарын түзүүдө колдонулган негизги документ болуп саналат.

3.6. Жумушчу окуу пландары бекитилген окуу пландарынын негизинде түзүлөт, ага бүтүрүүчү кафедранын башчысы (эгер алар бир нече болсо бүтүрүүчү бөлүмдөрдүн башчылары) кол коет, университеттин тиешелүү түзүмдөрүнүн жетекчилери, окуу бөлүмүнүн башчысы, окуу жана илимий иштери боюнча проректор менен макулдашылат, ректор тарабынан бекитилет.

3.7. 1 ECTS кредити 30 академиялык саатка барабар деп эсептелет. Академиялык сааттын узактыгы 40-50 мүнөт. Билим берүү программаларынын эмгек сыйымдуулугу:

▪ орто кесиптик билим берүү программалары – 120 кредит (9-класстын базасынын 1-курсунда 1440саат);

▪ бакалаврларды даярдоо программалары – 240 кредит;

▪ магистрлерди даярдоо программалары – 120, 150 (башка профилден келгендер) кредит.

3.8. Академиялык кредиттердин саны "Дене тарбия" дисциплинасынан тышкары окуу планына кирген ар бир дисциплина боюнча аныкталат.

3.9. Билим алуучунун жекече планындагы кредиттердин жалпы саны окуу жылына 60 кредитти түзөт. Академиялык кредиттердин саны бир семестрде 15 тен кем эмес 45тен көп эмес белгиленет. Мында окуу үчүн төлөмдүн өлчөмү ченемдик документтерге ылайык жүргүзүлөт.

3.10. Окуу сабактарынын, аралык (экзамендик сессиялардын), жыйынтыктоочу аттестациялардын (мамлекеттик аттестациянын) жана каникулдардын узактыгы жумалар менен аныкталат. Окуу жылында теориялык окутуунун узактыгы 36 жумага чейин түзөт. Ар бир семестр 16-18 жуманы түзөт. Аралык текшерүүлөрдүн аралыктарынын узактыгы 2 жумадан кем эмес болот. Ар бир семестрден кийин студенттерге каникул берилет, мында окуу жылындагы каникул мезгилинин узактыгы 7 жумадан кем эмес. Кышкы сессиядан кийин 2 жумадан кем эмес болот.

3.11. Профессордук-окутуучулук курамдын окуу жүктөмүн пландаштыруу окуу ишинин түрлөрү же кредиттер боюнча бир кредитке академиялык сааттардын санынын катышын эске алуу менен академиялык сааттарда жүргүзүлөт. Аудиториялык сабактардагы окутуучунун окуу жүктөмү окутуучунун агым менен иштөө убактысынын негизинде эсептелет. Ар бир студент менен иштөөнүн айрым түрлөрүнө (өз алдынча иштөөгө тапшырмаларды кабыл алуу, курстук иштер, долбоорлор, экзамендерди кабыл алуу, университетте уюштурулган мамлекеттик аттестациялык комиссиянын курамында иштөө, бүтүрүү иштерине жетекчилик кылуу) сарпталган убакыт университет тарабынан өз алдынча белгилеген убакыт ченеминин негизинде эсептелет.

## 4. Студенттердин билим берүү траекториясын тандоосу

4.1. Ар бир студент тиешелүү билим берүү программасынын базалык жана семестрдик окуу планынын негизинде жекече окуу планын түзөт. Студент жекече окуу планында чагылдырылган милдеттүү жана тандоо дисциплиналарынын (модулдарынын) керектүү санын тандайт.

4.2. Окуу жылынын же семестрдин ичинде кафедранын жетекчилиги астында студенттин жекече окуу планы ар бир семестр үчүн түзүлөт жана окуу дисциплиналарын окуп үйрөнүүнүн тизмесин, санын жана ырааттуулугун аныктайт.

4.3. Студенттин жекече окуу планы университеттин тиешелүү кафедралары тарабынан иштелип чыгат. Студенттердин бекитилген жекече пландарынын негизинде деканат тарабынан окуу процесси жүзөгө ашырылат.

4.4. Дисциплиналарды (модулдарды) тандоо дисциплиналарды окуунун ырааттуулугун эске алуу менен жүргүзүлүүгө тийиш. Эгерде өткөн семестрде студент бул

дисциплинанын пререквизиттерин өздөштүрө элек болсо, анда студент дисциплинага каттала албайт.

4.5. Эгерде академиялык дисциплинаны бир нече окутуучу окутса, анда студенттин жеке планын түзүү учурунда ага альтернативалуу түрдө окутуучуну тандоо укугу берилет.

4.6. Ошондой эле, өзүнүн билим берүү траекториясын пландаштырууда студент окуу жылында башка академиялык агымдардын жана багыттардын студенттери менен акы төлөнүүчү негизде 1-2 дисциплинаны кошумча алуу каалоосун билдирүүгө укуктуу.

4.7. Кафедра башчысы жана кураторлор академиялык карызы бар студенттерге пререквизиттер принцибин сактоо үчүн теориялык окутуунун кийинки мезгилдеринде аларды жоюу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө өз убагында маалымдоого жооптуу.

4.8. Мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде окуган студенттер окуунун стандарттык мезгилинде тийиштүү академиялык даражаны (квалификацияны) ыйгаруу үчүн зарыл болгон кредиттердин санын топтошу керек.

4.9. Эгерде студенттердин саны белгиленген минимумдан аз болсо, анда дисциплинага агым ачылбайт. Дисциплинага катталган студенттерге бул тууралуу эскертилет. Окуу дисциплинасы боюнча студенттердин саны белгиленген максималдуу сандан ашыкча болсо, кийинки агым үчүн жетишээрлик болсо бул дисциплинада кошумча академиялык агым түзүлөт.

## 5. Студенттердин билимин баалоо системасы

5.1. Дисциплинаны окутуу процессинде текшерүүнүн төмөнкү түрлөрүн колдонуу максатка ылайыктуу: окутуу башталардагы текшерүү, учурдагы текшерүү (модулдук текшерүү), орто аралык аттестациясы (жыйынтыктоочу текшерүү).

5.2.Студенттердин жетишүүсүн учурдагы текшерүү (учурдагы текшерүү) - семестр ичиндеги оперативдүү текшерүү жана тийиштүү дисциплиналарды модулдар, тестирлөө, оозеки суроо, рефераттар, докладдар түрүндө үйрөнүү процессинде логикалык жактан бүткөрүлгөн бөлүмдөрү (модулдар жана главалар) боюнча студенттердин билим деңгээлин жана окуу материалынын өздөштүрүүсүнүн даражасын баалоо.

5.3.Студенттердин жетишүүсүнүн орто аралык аттестациясы (орто аралык аттестация) - семестр аяктаганында (экзамендик сессия убагында) окуу планы тарабынан ушул семестрде үйрөнүлүшү каралган дисциплиналар боюнча экзамендерди кабыл алуу жолу менен милдеттүү текшерүү.

5.4. Ар бир модулда минималдык жана максималдык балл аныкталат. Модуль боюнча максималдык балл өтүлгөн материалдын 100 % өздөштүрүүсүнө барабар болот. Ар бир модулдагы минималдык балл милдеттүү жана ал башка модулдун баллдары менен толукталбайт. Предметтин ар бир модулу боюнча минималдык балл 56 баллды, ал эми максималдык – 90 баллды түзөт Оң жыйынтыкка ээ болуу үчүн 56 баллдан кем эмес балл топтоо керек (бардык бөлүктөрдүн минималдык баллын эске алуу менен). Орто аралык баллды 10 балга чейин алса болот.

5.5. Студенттердин билимин баалоо системасы, формалары жана предметтин модуль-рейтинг картасы төмөнкүдөй болот.

**Баллды бөлүштүрүүнүн модулдук-рейтингдик картасы**

| Модулдун аты, иштердин түрү жана текшерүү формасы | | Рейтинг - балл | |
|---|---|---|---|
| | | минимум | максимум |
| Дисциплиналык | 1.1 Практикалык сабак (оозеки суроо, маселелерди чыгаруу, коллоквиум ж.б.) | 15 | 20 |
| | 1.2 Өз алдынча иштИ аткаруу (контролдук иш, реферат, презентация жасоо ж.б.) | 20 | 25 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 1.3 Теориялык билимин практикада колдонуу билим деңгээлин текшерүү үчүн тестирлөө (тестирлөө 15 суроо, 1 туура жооп = 3 балл) | 21 | 45 |
| | Учурдагы текшерүү №1 | 56 | 90 |
| Дисциплиналык модуль №2 | 2.1 Практикалык сабак (оозеки суроо, отчет , коллоквиум ж.б.) | 15 | 20 |
| | 2.2 Өз алдынча ишти аткаруу (контролдук иш, реферат, презентация жасоо ж.б.) | 20 | 25 |
| | 2.3 Теориялык билимин практикада колдонуу билим деңгээлин текшерүү үчүн тестирлөө (тестирлөө 15 суроо, 1 туура жооп = 3 балл) | 21 | 45 |
| | Учурдагы текшерүү №2 | 56 | 90 |
| Орто аралык аттестация | | 10 баллга чейин | |

Студенттин модулдардын жыйынтыгы менен алган баллы оң баага татыктуу болсо, бааны «автоматтык» түрдө ала алат. Окутуучу орто аралык аттестацияда студентке бааны коюп берет.

Орто аралык аттестациядан студент өз баасына канаттанбаган учурда өтөт. Орто аралык аттестацияга тапшырылбаган модулдун суроолору же студенттин баасын жогорулатууга көмөк көрсөтүүчү модулдардын суроолору киргизилет. Студент дисциплина боюнча «канаттандыраарлык эмес» баа алган болсо, анда ал академиялык карызын «жайкы семестрде» жоё алат.

5.6. Баллды академиялык баага которуу төмөнкү схемада ишке ашырылат: «канаттандыраарлык» - 56-65 балл, «жакшы» - 66-80 балл, «эң жакшы» - 81-100 балл.

| Дисциплина боюнча рейтингди академиялык бааларга өткөрүү шкаласы | | |
|---|---|---|
| Дисциплина боюнча рейтинг | ECTS системасы | Академиялык баа |
| 0 – 25 | J | Келген жок |
| 25 – 50 | F | Канаттандыраарлык эмес |
| 51 – 55 | D | |
| 56–60 | C- | Канаттандыраарлык |
| 61– 65 | C | |
| 66 – 70 | B- | Жакшы |
| 71– 80 | B | |
| 81– 90 | A- | Эң жакшы |
| 91– 100 | A | |

5.7. I (Incomplete-толук эмес) – Орточо упай (GPA) эсептелгенде эске алынбайт, эгерде студент кандайдыр бир себептер менен сабактан жетишпеген учурда (ооруп калганда, (тастыктоочу документи болсо), университеттин иш-чараларына катышканда, үй-бүлөсүндө болгон күтүүсүз жагдайда) коюлуучу баа. Ал жөнүндө студент окутуучуга же деканатка билдирүүсү зарыл. I баасы деканат тарабынан коюлат. Эгер студент I баасын кийинки семестр башталгандан бир айдын ичинде жойбосо (жайкы семестрден тышкары), ага автоматтык түрдө F баасы (жетишүүнүн орточо баллын (GPA) эсептөөдө колдонулбайт) коюлат.

5.8.«I» баасын стандарттык баага өзгөртүүнүн талаптары:

Б) Эгерде студент сабактарга келип жүрүп жүйөөлүү себептерден улам модуль учурунда, же сынак учурунда келбеген болсо деканат тарабынан аныкталат жана өз

алдынча ведомост ачылып СӨИсин окутуучуга көргөзүп, тесттик тапшырмаларды тапшырат. Аткарылган ведомостор тайпанын жалпы ведомостуна тиркелет.

Эгерде университетте жүйөлүү себептер менен «I» деген баа койгон окутуучу жок болсо, кафедра башчысы дисциплинаны бүтүрүү жана "I" деген бааны стандарттуу баага өткөрүү үчүн башка окутуучуну дайындайт.

5.9. Модулдук тапшырмаларды кабыл алуу:

- лабороториялык иштерге сабак учурунда жетишпеген студенттер кошумча сабакта же окутуучунун күзөт болуу убактысында жүргүзүлөт.
- Теориялык, практикалык сабактын материалы боюнча модуль алуу расписаниеден тышкары окутуучунун кафедрада күзөт болуу журналында катталуусу керек.

5.10. Графикте модул алуу убактысында натыйжалуу баа алалбай калган студент жана алган баасын жогорулатууну каалаган студент, окутуучунун кийинки күзөт болуу (5 күн аралыгында) мөөнөтүндө кайталап тапшырса болот.

5.11. Модулдук тапшырманы толугу менен тапшырган студенттин жалпы баасы алардын орточо арифметикалык баасын табуу менен чыгарылат. Модулдук тапшырманы толугу менен тапшырбаган (теория, лаборотория, практика бөлүктөрү боюнча) студентке төмөнкү баа коюлуп, баары биригип орточо баасы табылат.Тапшырбай калган модулдун баасы студенттин жөндөмүнө жараша 25-50гө чейин балл менен бааланышы мүмкүн.

5.12. Жыйынтык модулду чыгаруу убактысында баардык модулдук тапшырманын жарымынан көп бөлүгү аткарылса, анда акыркы сыноо убактысында модулдун калган тапшырмасын кабыл алуу менен алардын суммасын чыгарса болот.

5.13. Милдеттүү окутулуучу предметерден, модуль тапшырмасын атарбастан туруп, семестр аралык сыноо тапшырган студентке, анын баасын "С"дан жогору кылып баалоого кескин тыюу салынат.

5.14. "В"дан жогору баа алган студенттердин коргогон "рейтинг тапшырмасынын" сакталышы боюнча окуу бөлүмү тарабынан текшерүү жүргүзүлөт.

## 6. Студенттин рейтингин эсептөө ыкмасы

Окутуунун модуль-рейтингдик системасын колдонууда студенттин рейтингин эсептөө ыкмасынын да чоң мааниси бар. Эсептөө эрежеси мүмкүн болушунча жөнөкөй жана студенттин рейтингин чагылдырган маалыматтар так болушу керек. Студенттин рейтингин эсептөөдө төмөнкүлөр аныкталат:

1. модуль боюнча билим рейтинги,
2. предмет боюнча сесместрдеги билим рейтинги,
3. семестрдеги (курстагы) бардык предметтер боюнча билим рейтинги,
4. предмет жана предметтер тобу боюнча жалпы билим рейтинги аныкталат.

6.1. Студенттин модуль боюнча билим рейтингин эсептөө.

Модулду кабыл алуу формасы (модулдук тапшырма, текшерүү иши, ооз эки суроо, бланкалык же компютердик тестирлөө, реферат жаздыруу ж.б.) дисциплинанын кандай компенентте экендигине жараша кафедранын кеңешмесинде бекитилет. Ар бир модуль 100 балл менен бааланат. Окутуучу модулга кирген темалардан теориялык, практикалык, лабороториялык, жекече жана өз алдынча иштөөнүн материалдарын камтыган суроолорду түзөт жана алардын ар бирин татаалдыгына жараша өзүнчө балл менен баалайт. Суроолорго берилген баллдардын (упайлардын жалпы суммасы 100гө барабар болот. Суроолор канчалык көп болсо студенттин билими ошончолук тагыраак аныкталат.

6.2. Студенттин дисциплинасы боюнча семестрдеги билим рейтингин эсептөө.

Студенттин семестрдеги ар бир дисциплина боюнча билим рейтинги $R_{сем}$-анын ар бир модулдагы көрсөткүчтөрүнүн арифметикалык орточо мааниси катары аныкталат, б.а. $R_1$-биринчи модулдун көрсөткүчү, ..., $R_n$- n-модулдун көрсөткүчү болсо, анда

$R_{сем}=\frac{R_1+\dots+R_n}{n}$, n=1,2,... формуласы боюнча эсептелет

Студенттердин $R_{сем}$-баллын окутуучу чыгарат жыйынтыктарын сынак баракчага киргизет. сынак баракчанын нускасы деканатта сакталат.

6.3. Студенттин дисциплинасы боюнча бардык семестрдеги билим рейтингин эсептөө.

Семестрдин аягында предметтер боюнча билим рейтингдери жыйынтыкталгандан кийин студенттин бардык дисциплинасы боюнча жалпы билим рейтинги $R_{\sum}$ диссциплинадан алган көрсөткүчтөрүнөн арифметикалык орточо мааниси катары аныкталат, б.а. $R_{сем1}$-биринчи предметтин көрсөткүчү, ..., $R_{семm}$ -m- дисциплинанын көрсөткүчү болсо,анда

$R_{\sum}=\frac{R_{\sum сем1+\cdots+R_{сем\,m}}}{m}$ $m = 1,2,3$ ... формуласы боюнча эсептелет.

Студенттин $R_{\sum}$ баллы боюнча студентке кийинки семестрдеги төлөнүүчү стипендиянын өлчөмү аныкталат, мисалы $R_{\sum}$ баллы 81-100 балл, тилкелерине туш келишине жараша стипендия белгиленет.

- Студентти курстан курска көчүрүү маселеси чечилет.
- Студенттин $R_{\sum}$ баллын деканат чыгарат жана жыйынтыктары сынак баракчага (2-тиркеме) жазылып, деканатта сакталат.

6.4. Студенттин дисциплина жана дисциплиналар тобу боюнча жалпы билим рейтингин эсептөө

Дисциплина эки же андан көп семестрге созулган учурда студенттин дисциплина боюнча $R_{дисц}$ жалпы билим рейтинги анын ар бир семестрдеги көрсөткүчтөрүнүн арифметикалык орточо мааниси катары аныкталат, б.а. $R_{сем1}$ – биринчи дисцплинанын көрсөткүчү, ..., $R_{сем\,к}$ -к-семестрдин көрсөткүчү болсо, анда

$R_{дисц}=\frac{R_{\sum сем1+\cdots+R_{сем\,к}}}{к}$ формуласы боюнча эсептелет. Студенттин $R_{дисц}$ баллын деканат чыгарат.

## 7. Студенттерди курстан курска көчүрүүнүн тартиби

7.1. Студенттерди курстан курска көчүрүү окуу жылы ичинде бир жолу жайкы каникул мезгилинде, ТалМУнун "Бакалавриат адистиктеринин окуу сессиясын өткөрүү жана академиялык карыздарды жоюу боюнча жобосунун" негизинде жана "I баасы" жоюлгандан кийин жүргүзүлөт.

7.2. Тиешелүү курста окуу планынын баарын аткарбаган студент курстан курска көчүрүлбөйт жана окуудан чыгарылат.

7.3. Студентти окуудан чыгаруу жөнүндө билдирүү ректордун атына деканат тарабынан көрсөтүлгөн үлгү боюнча даярдалат.

## 8. Кафедранын иши

8.1. Ар бир дисциплина боюнча жумушчу программаларды модулдарга (блокторго) бөлөт. Модулдун саны убакыт өлчөмүндө көрсөтүлгөндөй бөлүштүрүлөт.

8.2. Ар бир модулга суроо-тапшырмаларды, тесттерди, текшерүү иштерин ж.б. түзөт жана карап чыгып бекитет.

8.3. Модулдун суроолорун жана модуль алуунун графигин окуу жылынын башталышынын 1-жумасында студенттерге жеткирүүнү камсыз кылат.

8.4. Кафедранын отурумунда текшерүүнүн тартибин аныктайт, лектор менен ассисенттин милдеттерин бөлүштүрөт.

8.5. Дисциплинанын теориялык жана практикалык бөлүктөрүнүн баасы аныкталат.

8.6.Ар бир модуль боюнча окутуучуда төмөнкү методикалык материалдар болушу мүмкүн:

- модулдун теориялык жана практикалык бөлүгүнүн катар саны;
- типтүү маселелер жана мисалдар чыгарылыштары менен, текшерүүчү (контрольный) маселелер жообу менен;

- модулдук тапшырмалар (бир нече вариант болушу мүмкүн);
- сапаттуу жана жана сандык маанини чагылдырган тесттик суроолор;
- студенттин жетишүүсүнө жараша "жеке чыгармачылык" тапшырма болушу мүмкүн;
- лабороториялык иштерди аткаруунун көрсөтмөлөрү;
- студенттин окуу изилдөө жана илимий изилдөө боюнча темалары;
- өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор;
- семинардык сабактын суроо пландары ж.б.

## 9. Деканаттын иши

9.1. Окуу жылынын башталышында кафедралардын түзгөн иш-программаларын, модулдук-рейтингдик система боюнча окутууга даярдыгын текшерет жана кафедралар менен бирдикте модул алуу жыйынтыктоо графиктерин түзөт.

9.2. Модулдардын график боюнча алынышын жана кайталап алынышын көзөмөлдөйт. Окутуучулардын ведомосторду убагында жабуусуна жооп берет.

9.3. Студенттердин семестр (курс) боюнча билим рейтингин чыгарат.

9.4. Модул тапшырбаган жана тапшыра албаган студенттердин себептерин тактап, анализдеп ага жараша иш чараларды жасайт.

## 10. Жобого өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн жана бекитүүнүн тартиби

Талас мамлекеттик университетинде окуу процессин кредиттик технологияларынын (ECTS) негизинде уюштуруу жөнүндө жобосуна өзгөртүүлөрдү кафедралардын жана факультеттердин, окуу бөлүмүнүн сунуштарынын негизинде, окуу жана илимий иштер боюнча проректору, окуу бөлүмүнүн башчысы жана окуу-усулдук кеңештин мүчөлөрүнүн катышуусу менен ишке ашырылат жана университеттин окумуштуулар кеңешинде жактырылгандан кийин ректордун буйругу менен бекитилет.

**МАКУЛДАШЫЛДЫ:**

ОИ иштери боюнча проректор,
ОУКтун төрагасы Сурапов А.К.

Окуу бөлүмүнүн башчысы Нукешов С.Т.